***Ж. Эсенаманова,***
*К.Карасаев атындагы БГУ*

# “ИДЕНТТҮҮЛҮК” КУБУЛУШУН ИЗИЛДӨӨНҮН КОНЦЕПЦИЯСЫ

***Иденттүүлүктү изилдөөнүн дүйнөлүк алкагы.*** XX кылымдын экинчи жарымында жана XXI кылымдын башталышында “иденттүүлүк” жана “идент-тешүү” түшүнүктөрү жалпы психологияда, социалдык психологияда, антропология, тарых илимдеринде жана кийин социологияда кеңири колдонула баштаган. Ошентсе да иденттүүлүк түшүнүгү жакынкы убакытка, б.а. постсоветтик мезгилге чейин колдонулган эмес, анын ордуна “өзүн өзү таануу”, “өзүн-өзү аңдап-түшүнүү”, “коомдук аң-сезим” ж.б.у.с. түшүнүктөр колдонулуп келген.

Негизинен алганда иденттүүлүк термини белгилүү бир этноско, топко, инсанга таандык болгон түшүнүк болуп, «өзүн аңдап-түшүнүү», «өзүн аныктоо» маанисин берет. Бирок, ар башка теоретикалык багытта анын мааниси дагы ар башкача өзгөрөт. Бул темага ылайык адам психологиясы жана социалдык психологияда ири эмгектер жарык көрсө дагы, илимий адабиятта бул феномендин жалпы кабыл алынган аныктамасы түзүлө элек.

“Иденттүүлүк” терминин алгачкылардан болуп илимге киргизген жана анын таралышына чоң салымын кошкон окумуштуу **Э. Эриксон**, иденттүүлүк түшүнүгүнө төмөндөгүдөй аныктамаларды берет: **иденттүүлүк** – “индивиддин өз ойлорунун үзгүлтүксүздүгү”; “өзү менен болгон ички теңдүүлүк”.

*“Идентүүлүк - жашоо агымына жараша өзгөрүлөт”* деген Эриксондун идеясы бүгүн философиялык, психологиялык, социологиялык мектептерде кабыл алынган. Э. Эриксон иденттүүлүктү татаал жана көп кырдуу түзүлүшкө ээ болгон кубулуш катары карап, анын *индивидуалдык, жеке, социалдык* үч негизги деңгээлин бөлүп көрсөткөн:

1. **Индивидуалдык** деңгээлде иденттүүлүк – адамга таандык болгон өткөнү жана келечекке умтулушун шарттаган, адамдын өзүнүн убактылуулугун таанышынын жыйынтыгы, өзүнүн өзгөрбөгөн жактарын аңдап билиши, өзүн бул же тигил физикалык зат катары таанышы, сезимдүүлүгү жана шыгы катары аныкталат.

2. **Инсандык** деңгээлдеги иденттүүлүк – айрым жеке окшоштуктары менен бирге, адам өзүнүн кайталангыс экендигин таанышынын жана өзүнүн жашоо тажрыйбасынын өзгөчөлүгүн сезе билүүсүнүн натыйжасында аныкталат.

3. **Социалдык** деңгээлдеги иденттүүлүк – социалдык, топтук тактык, тууралык, калыптар жана эрежелер менен адамдын ички тилектештигин чагылдырган, “Мен” категориясын өнүктүрүүгө түрткү болгон, адамдын дүйнөнү өзүнө окшош же окшош эмес деп бөлгөн мүнөздөмөлөрдүн негизинде аныкталат (Эриксон, 1996:12-15).

Эриксон 1940-жылдарда аскерлердин “согуш неврроздорун” изилдеп жатып, 20 жылга созулган изилдөөнүн жыйынтыгында топтолгон ойлорун бириктирип, «Иденттүүлүк: жаштык жана кризис” деген китебинде жалпылап чыгарган. Ал китепте иденттүүлүктү, инсандын өнүгүү контекстинде болгон жана адаптациялык функцияларын аткарган, ички үзгүлтүксүздүгү жана окшоштугу деп ачыктаган. Иденттүүлүк – бул, адамдын жашоосу боюнча өзгөрүүлөргө дуушар болгон динамикалык түзүлүш. Ал өткөн менен келечекти байланыштырып жана аларды учурга киргизип жашоонун өзгөрүүлөрүнө адаптациялап, өз жашоосун үзгүлтүксүз аспектинде көрүүгө мүмкүнчүлүк берет деген (Эриксон, 1996:10).

Э. Эриксон иденттүүлүктү бир багыттын, жада калса бир илимдин алкагында изилдөө мүмкүн эместигин айткан. Ал үчүн баардык илимдер биригип иштеши керек деген. Иденттүүлүккө өз алдынча илимий категория статусун берип, 50-жылдарда эле иденттүүлүк жана иденттүүлүктүн кризиси психологияда күн тартибине коюлган эң актуалдуу маселелерден болот деп сунуштаган. Чындыгында эле 60–70-жылдардан тартып социалдык өнүгүүдө иденттүүлүк темасы актуалдашып, ар кандай билим тармактары аны изилдөөгө кызыга башташты.

Окумуштуу **Л. Сильверстайн** психоаналитик Э. Эриксон сыяктуу эле, иденттүүлүктү ата-энелик мамиленин, жүрүм-турумдардын, энелик мээримдин, көрүнүштөрдүн жана баалуулуктардын индивид тарабынан өзүнүн жеке инсандык сапаты катары өздөштүрүү жөндөмү деп сыпаттайт. Индивид ата-энелердин, мындан сырткары жакын адамдардын инсандык өзгөчөлүктөрүн өзүнө кабыл алат. Иденттүүлүк – белгилүү жүрүм-турумдун калыптануусун жөнгө салуучу күчкө ээ болгондуктан, аны позитивдүү механизм деп айтууга болот.

Иденттүүлүк түшүнүгүнө байланышкан маалыматтар Э. Эриксонго чейинки эле **З.Фрейддин** «Түштөрдү талкулоо» жана «Топтук психология жана Эгону талдоо» деген эмгектеринде жазылган. Фрейддин пикиринде инсандын жашыруун мүнөзү аркылуу ал инсан өзү дагы түпкү нугун сезбестен психоанализ жасоо менен калыптанат. Ал эми америкалык психолог Эрик Эриксон болсо психоаналитикалык иденттүүлүк түшүнүгүн өзгөчө социалдык-маданий феномен катары караган. Анын эмгектери биринчилерден болуп тажрыйбачы психологдордун арасында кеңири тарай баштаган.

**П. Бергер** иденттүүлүк түшүнүгүнө аныктама берип жатып, «иденттүүлүк» түшүнүгүн, «Мен образы», «Мен - концепция», «Өзүн-өзү сүрөттөө» түшүнүктөрү менен жакындаштырып талдап чыккан. Ошондуктан, иденттүүлүк дегенде көбүнчө убактарда - индивид өзүнөн улам түзүп алган кандайдыр бир образ, ар кандай турмуштук кырдаалдарга карабастан өзүн индивид деп эсептеген образды түшүнөбүз (Бергер, 1995:323).

Идентүүлүк адамдын аң-сезимине алдын ала киргизилген, ал “түзүлүү термини менен эмес, “жетүү” жана “болуу” терминдери менен талкууланат. Көп изилдөөчүлөр иденттүүлүктү кандайдыр бир процесстин өзүн өзү таануу, өзүн өзү түшүнүү ж.б. жыйынтыгы катары айтышат. **Ю. Хабермасс** дагы “Мен иденттүүлүк” деп жеке социалдык иденттүүлүктөрдүн жыйындысын айткан (Бурдьё, Гидденс, Хабермас, 1995).

Социалдык иденттүүлүк проблематикасы үстүндө иштеген окумуштууларга **Э. Фроммду** да кошсок болот. Ал иденттүүлүк тууралуу эмгектерди 1933-ж. Германиядан АКШга көчүп келгенден соң жаза баштаган. Ал адамдын иденттүүлүгүнө тоталитардык системалардын тийгизген таасирин дагы жазган. Аргасыз иденттештирүүдө жеке иденттүүлүктүн бузулушу келип чыгат деген пикирди билдирген. Иденттүүлүк өнүгүү процессинде түзүлөт жана белгилүү социалдык түзүлүшкө тиешелүүлүгүн, адамдын ал түзүлүштүн мүчөсү жана ал жерде орду бар экендигин түшүнгөндүгүн билдирет. Иденттүүлүк адамга негизги талаптарын жана өзүнүн социалдык ордун табууга жардам берет. Фромм иденттүүлүктүн конкреттүү тарыхый шарттар жана эркиндик менен жалгыздык сезимдер арасында татаал байланыш болгондугун көрсөтөт. Алардын ортосундагы баланс иденттештирүү процессинде орнолот (Фромм, 1990).

**Е.В. Якимова** белгилегендей, “индивид катышып жүргөн жашоо кубулуштардын ар түрдүүлүгү - өз иденттүүлүгүнүн бир жана түбөлүк калыптангандыгы, туруктуу ички ядро же аң-сезимдүү абалы катары салттуу түшүнүүсүнө дал келбейт. Ар кандай социалдык мамилелерге катышып жаткан индивидге терең так “Мен” керек эмес, тескерисинче баарлашуу жана өзүн-өзү таанытуу үчүн потенциал керек деген (Якимова, 1995).

**К. Ясперстин** эмгектерин да карап кетсек болот. Ал 1913-жылы жактаган ”Жалпы психопатология” деген доктордук диссертациясында иденттүүлүктү аңсезимдин төрт аспекттеринин бири деп белгилеген. Ал, *«Мен ким болсом ошол бойдон калам жана менин жашоомдо болуп жаткан кубулуштар башка бирөөнүн эмес, «менин башымдан өтүп жатат»* - деп айткан.

**К. Поппер** болсо иденттүүлүктү өзүн баалаган, жөнгө салган, жаңы маанилерди ойлоп тапкан аң-сезим катары аныктаган. Ал эч кандай социалдык-маданий, убакыттык жана мейкиндик чектеринде пайда болбой өз алдынча пайда болуп өкүм сүрүүдө. Коомдо адамдын иденттүүлүгү эрте өнүгүүнүн негизинде түзүлөт. Социалдык институттардын, үй-бүлөнүн, окуу

процесстин, жумуштун жана жалпы эле күнүмдүк жашоонун ичинде түзүлөт. Иденттештирүү процесси "өзүн" жеке проекциясында, өзүн азырки коомдо ким экендигин билүү менен түшүндүрүлөт*(*URL:http://www.fmx.ru/sociologiya_i_obshhestvoznanie/formirovanie_koncepta_identichnosti_v.htm*)*.

***"Иденттүүлүк" кубулушунун социологиялык түшүндүрмөсү.*** Иденттешүү процессин заманбап түшүнүгүнүн негизин, Дж. Г. Миддин символикалык интеракционизминин алкагында белгиленген "Мен – башкалар" мамилесинин концептуализациясы түзөт. Мид иденттүүлүк терминин колдонбосо дагы (учурда "өздүк" термини башка тилдерге иденттүүлүк катары которулууда), анын эмгектеринде "өздүк" (Self) термини мазмуну жагынан иденттүүлүк түшүнүгү менен дал келет. Мид иденттүүлүктү алгач *социалдык түзүлүш* катары чечмелеген: иденттүүлүк жана интеракция, когнитивдик мааниден караганда, ар дайым бири бирине өтүп турат. Иденттүүлүктүн коммуникативдик табияты: башканын ролун аткаруу менен, индивид өзүн башканын көз карашы менен баалагандыгында, тактап айтканда ар бир адам өзүн башкалар аны кандай кабылдаса, дал ошондой кабыл ала баштагандыгында жатат.

Символикалык интеракционизмдин сөздүгүндө "иденттүүлүк" термини эң алгач 1960-жылдары И. Гофмандын жана П. Бергердин эмгектеринин аркасында орун алган. Гофман "Стигма" аттуу эмгегинде "өздүк" терминининин ордуна "иденттүүлүк" терминин колдонгон (Гофман, 2000). Ошол эле учурда П. Бергер "Приглашение в социологию" аттуу китебинде иденттүүлүк түшүнүгүнүн ролдук теориялардын, референттик топтордун теорияларынын, социалдык драматургиянын жана феноменологиялык социологиянын контексттериндеги маалыматчылдык мүмкүнчүлүктөрүн көрсөткөн (Бергер, 1996).

Н. Лумандын эмгектеринен да социалдык системалардын өзүн өзү уюштуруусуна арналган, системалардын өзүнө өзү окшоштукка ээ болуу механизмдери жөнүндө жалпыланган пикирлерди табууга болот. Ал, алардын ар биринин типологиялык таандыктыгынан көз карандысыз эле, жашоого жөндөмдүүлүгүн сактоо үчүн, курчап турган чөйрө менен дал келүүчүлүгү жана өзүн өзү рефлексиялоосу абдан зарыл экендигин баса белгилеген *(*http://www.soc.pu.ru */materials/golovin/reader/luhmann/r_luhmann1.htm)*. Мындай механизмдин аракети өзүн өзү окшоштуруу катарында чөйрөгө болгон мамилесин айырмалоону камсыздайт. Дал ушундай эле, Мен – иденттүүлүк да ар бир өзүн өзү сунуштоодо өздүк ички түрткүнүн негизинде сыртка чагылдырылат.

Учурда иденттүүлүк кубулушунун социологиялык түшүндүрмөсү психологиялык чечмелеништен бир топ айырмаланып турат. Мында айырма анын, инсан жөнүндө теориялык көз караштар тармагындагы локалдашуусу менен байланышкан. Психоаналитикалык салтты карманган Эриксонго ылайык, иденттүүлүк психикалык түзүмдүн терең катмарларында орун алган. Иденттүүлүк, индивиддин башкалар менен болгон өз ара аракеттенишүүсүндө калыптанып жана алмашууга дуушар болсо дагы, кризистер жана аларды жеңип чыгуу дал ошол ички жан дүйнөдө ишке ашат жана үзгүлтүксүз процессти көргөзүп турат.

Социологдор башка пикирди карманышат. Алар, иденттүүлүктү социалдык өз ара аракеттенишүүнүн негизинде калыптанган артефакт катары кароого маш болушкан. Бул негизинен аныкталган жүрүм-турум менен байланышкан бир белги (стигма – Гофмандын терминологиясында). Бергерге ылайык, иденттүүлүк келип чыгышы боюнча гана эмес, улануусу, жашоо жөндөмү боюнча да толук социалдык мааниге ээ. Буга ылайык, иденттүүлүктү туруктуу башаттан берилген түзүлүш катары кароого болбойт.

***Иденттүүлүктүн антропологиялык түшүндүрмөсү.*** "Иденттүүлүк" терминининин антропологиялык чечмелениши психологиялык жана социологиялык негиздерге таянган. Психологиялык антропологиянын тарапташтары, өнүгүү психологиясынын пикирин карманууу менен, адамдын ички жандүйнөсүн түзгөн. Мен–иденттүүлүк чөйрөнүн өзгөрүүсүнөн көз карандысыз эле аны карап чыгууга да жөндөмдүү деп эсептешкен. "Башкалар үчүн иденттүүлүктүн" динамикасы өздөрүнө ылайык стандарттуу социомаданий абалдардын контекстиндеги, жашоо айлампасынын кезектеги этаптарын баштан өткөрүүгө шартталган. Буга ылайык, символикалык интеракционизмдин алкагындагы сыяктуу эле, ар түрдүү нормативдик талаптарга жооп катары иденттүүлүктүн туруксуздугу жөнүндө талкуулар жүргөн.

Антропологдор үчүн иденттүүлүк, адамдын айырмалоого жана окшоштурууга, анын ичинде курчап турган чөйрөсү менен болгон мамилесинин контекстинде өзүнө өзү окшошууга болгон өндүрүштүк пайдубалдык жөндөмдүүлүгү болуп саналат. Ал терең ички жалпы субстанция эмес, сырткы, маданий шартталган, инсандын болжолдуу репрезентацияларынын өзгөрмөлүү конгломераты болуп саналат. Түшүнүк постколониалдык изилдөөлөрдө, ошондой эле маданий шок темасында, этникалык, гендердик, субмаданияттык, конфессиалдык иденттүүлүктөрдү изилдөөдө кеңири колдонулат. Иденттүүлүк түшүнүгүндө башкы орунду, өзгөчө маданияттык туруктуу түзүлүштөрдүн – адеп-ахлак, үрп-адаттар, ырым-жырымдардын изилдөөчүлөр тарабынан чечменүүсү, ошондой эле жергиликтүү маалымат берүүчүлөрдөн алынган билдирүүлөрдүн аныктыгына, ишенимдүүлүгүнө арналган суроолорду чечүү ээлейт.

***Иденттүүлүктү чечмелөөдөгү негизги теориялык багыттар.*** Бүгүнкү күндө, бардык жогоруда саналган илимдерде иденттүүлүк, дээрлик үч: ***эссенциализм, примордиализм*** жана ***конструктивизм*** сыяктуу теориялык багыттарынын негизинде чечмеленип келүүдө.

**Эссенциализм** (лат. *essentia* — өз, нагыз, (сущность) термини классикалык философияга мүнөздүү болгон, мисалы: тагдыр, бешенеге жазылгандык, чындык, адамдын табияты жана башка конкреттүү иденттүүлүктү аныктаган башталгыч барлыкка (эссенция) негизделген. Булар өзгөргүс, түбөлүк жана туруктуу (аял, эркек, европалык, кытайлык жана башка ушул сыяктуу). Кээ бирөөлөр эссенциализмди, мында классикалык мурас катарында сакталып калган модерндиктин философиясынын негизи катары карашат. Постмодернизм Дүйнөнү бирдиктүү жалпылык катарында кабылдоону сактоого чечүүчү бурулуш болуп калды.

Бирок, Кэлхоунга ылайык эссенциализмди XVIII-XIX кылымдагы тарыхый жаңылыш дүйнөтааным катары кароого болбойт, анткени анын негизинде бүгүнкү күнгө чейин өзүнүн эвристикалык маанисин жоготпогон философиялык системалар куралган (Calhoun, 1995:203-204). Буга ылайык, иденттүүлүктүн мурунку эссенциалисттик тарктовкасынын бийлигин жеңүү, жөнөкөй басымдардын ичкиден сырткыга, түбасадан туундуга кайра жасалуусу менен жетишил-

бейт. Эссенциалисттик талкуулоо, заманбап антропологиялык вариантта (адам баласынын түрдүк бирдиги) мүмкүнчүлүктөрдү деконструкция катары, ошондой эле иденттүүлүктөрдү сактоо катары да кароого жол берген конструктивисттик ыкмаларда максаттуу толуктайт. Кэлхоун иденттүүлүктүн жана айырмалардын маселелерин заманга ылайык чечүү үчүн инструментарийдин жеткиликтүү болуусун абдан маанилүү деп эсептейт. Башкача айтканда, кеп классикалык жана постмодернисттик позициялардын жөнөкөй оппозициясы жөнүндө эмес, иденттешүү трактовкаларынын мүмкүн болгон стратегияларынын өз ара аркеттенишүүчү теоретикалык мейкиндиги жөнүндө болуусу абзел.

**Примордиализм** (латын тилинин primordial–баштапкы (изначальный) термини агымдын өкүлдөрү, иденттүүлүк белгиси (эң башкысы, этникалык же улуттук) белгилүү бир калктын тобуна тубаса берилген, бул өзгөргүс жана салттуу делген түшүнүктү четке кагышат. Мында көйгөй, ар бир жаңы муун өзүнүн социалдык жана маданий ачылышында өзүнүн пайдубалдык милдетине карама-каршы турууга аракет кылбагандыгында жатат. Примордиализмдин негизин квази-биологиялык элес (кан байланышы боюнча тугандык социалдык бирдиктин биримдигинин негизи катары) түзөт. Алардын арасынан анын маданий, анын ичинде диний өзгөчөлүгү келип чыгат (мисалы, "тандалган эл" концепциясы). Дал ушул негизге бүгүнкү күнгө чейин улутчулдук жана расизм - этникалык жана расалык иденттүүлүгү, алардын субстанционалдык мүнөздөмөлөрү менен кармалып турат. Бир карагандa иденттүүлүктүн эссенциалисттик жана примордиалисттик концепциялары бирдей көрүнөт. Бирок, андай эмес. Биринчисинде, адамзаттын түрдүк биримдиги онтологиялык болуп саналат, ал эми иденттүүлүктөрдүн ар түрдүүлүгү маданий факторлор менен түшүндүрүлөт. Экинчисинде болсо, бул айырмачылыктар адамдардын белгилүү тобунан жаралган жана өзгөргүс болуп саналат.

**Конструктивизм** (construo — куруу (строю) ушул кылымдын жыйырманчы жылдарында пайда болгон конструктивизм иденттүүлүк түшүнүгү бирдиктин тубаса мүнөздөмөсү менен түздөн-түз байланышта чечмеленген эссенциализмден жана примордиализмден айырмаланып, конструктивизм башка тыянактарга негизделет. Бул теориялык багыт социологиянын жана антропологиянын алкагында онтологиялык эмес, феноменологиялык негиздерге таянат. Мындан улам эки маанилүү жыйынтык келип чыгат. Биринчиден, изилдөөчүлөр чечмелеген категориялар – бул, чындыктын түз чагылуусу эмес, бирок, белгилүү тапшырмаларды элдин чөйрөсүнө болгон байланышын баяндоо жана түшүндүрүү менен чечүүгө мүмкүндүк берген эпистемологиялык конструкттар, инструменттер болуп саналат. Экинчиден, социомаданий түзүлүштөр – функционалдык жана символикалык бирдиктер, алардын ортосундагы түзүмдүк байланыштар,- алардын туруктуулугу жана өзгөрмөлүүлүгү туунду социалдык өз ара аракеттешүүнүн жана коммуникациянын маңызы.

Алардын жашоосу прагматикалык жана интеракциондук зарылдыкка шартталган *(П. Бергер жана Т.Лукман – социологияда, Дж. Брунер, М. Коул –антропологияда, Р. Рорти – философияда).* Буга ылайык басым субстанционалдык өзүнө өзү окшош "нерселерден" агенттердин жана акторлордун социомаданий практикасына өтөт, мунун жүрүшүндө ушундай бир түзүлүш жаралат.

Иденттүүлүк темасы, анын конструктивисттик ойжүгүртүүсүнүн калыптануусу социалдык ролдордун түзүмдүк-функционалдык чечмеленишке ылайык жүргөн. Бирок, бул теоретикалык алкакта, негизги көңүл эң биринчиден акторлордун идеалдык-катардагы мааниде түшүнүлгөн, социалдык системанын алкагындагы кыймылынын институционалдык-нормативдик аспектилерине бурулган. Окшош маселелерди чечүү үчүн ошол эле нормативдик алдын ала жазылган кыймылдардын жалпылыгы колдонулган, мунун вариациясы "чектен чыгуу" катары түшүндүрүлгөн. Ошондой болсо да, түшүнүк априордук түрдө тапшырылгандарды эмес, социалдык интеракциялардын контекстинде жаралган кызматтарды аткарууга байланышкандыктан эссенциалисттик коннотациялар ролун ойнобой калган.

Бергер жана Лукман тарабынан сунушталган пикирге ылайык, А. Шюцтун идеяларына таянуу менен, ролдор бир топ башкача аспектиде каралган: бир гана функционалдык жигердүүлүктүн эмес, ага жекече түс берген актордун жүрүм-турумунун да типтешүүсүнүн жыйынтыгы катары каралган. Бул иденттүүлүк түшүнүгүнүн конструктивисттик чечмеленишине карай алгачкы кадам болгон. Бул көз караштан улам ал сырткы жана ички типтештирүүнүн натыйжасы боло баштаган. Биринчисинде, индивиддин "башка" белгилүү маданий категорияларга тиешелүүлүгү жөнүндө айтылса, экинчисинде, дээрлик кеңири маданий контексттеги категориялардын индивидуалдык тандамасы жана интериоризациясы жөнүндө айтылат. Буга ылайык Мен–иденттүүлүк алдын-ала жазылгандар менен дал келүүсү да, ошол эле учурда андан айырмаланып калуусу да мүмкүн. Башкача айтканда, социалдык иденттүүлүк (антропологияда - публикалык) менен Мен–концепциянын ортосунда, бир тараптан, индивиддин өзүнүн башкалардын көз карашындагы образы тууралуу билимине, экинчи жагынан, өзүнүн жеке интерпретациясына шартталган кандайдыр бир тосмо болушу мүмкүн.

Конструктивизмдин алкагындагы аныктама боюнча инсан топко таандыктыгы боюнча эле эмес, функционалдык автономиясынын белгилүү даражасына жараша да мүнөздөлөт. Э. Гоулднердин белгилөөсүнө караганда, киши ар кандай нормативдик эрежелердин жана башкалардын көзөмөлдөрүнүн таасиринен чыгып кетүү жөндөмдүүлүгүнө ээ. Бул, бир иденттүүлүктөн коомдо кездешкен башка иденттүүлүккө өтүү мүмкүнчүлүгүн билдирген. Кийинчерээк, конструктивисттик теориялык пикир социомаданий чындыктын виртуалдык компоненттеринин (постмодернисттерге чейин булар социологияда жана антропологияда эсептелчү эмес) иштөөсү жөнүндө көз караштардын эсебинен кеңейтилген. К. Гиртцтин эмгектеринин арты менен социомаданий чындык элдердин өз ара жигердүүлүгүндө эле эмес, анын процесстеринин жана жыйынтыктарынын чечмеленүүсүндө детерминирлешкен катары карала баштаган. Буга ылайык, анын түзүлүш принциптери катарында "кескин аңдап түшүнүү билдирүүсүн" (К. Касториадис) жана "аңдап түшүнүү ишин" (А. Аппадураи) көрсөтө башташкан. К. Джерджен "конструкционисттик көз караштан алганда эч нерсе чындык жөнүндө негизги тастыктоолорду актай албайт; биз канчалык мазмундуу санасак да, ал социалдык өз ара алмашуунун жыйынтыгы болуп саналат" деп эсептеген (Джерджен, 2003:49).

***Улуттук иденттүүлүк концепциясы.*** Улуттук жана геосаясий иденттүүлүк бир канча компонентти

камтыйт. Алар: дүйнөтааным, улуттук аң-сезим жана менталитет, улуттук мүнөз, тарыхый эстутум, улуттук каада-салт, легендалар, жүрүм-турум стереотиптери ж.б. Иденттүүлүккө кандайдыр бир деңгээлде мифологиялык элементтер дагы мүнөздүү. Кандай болгондо да эгер далилдер менен бекемделип турбаса, баардык миф өзүнүн кызыктуулугун жоготот. Ушул өңүттөн алып караганда баардык улуттун же мамлекеттин иденттүүлүктүн калыптанышында социомаданий, саясий, жалпылыкка бириктирүүчү күч бул – мамлекеттик символдор жана идеалдар эсептелет. Мамлекеттик символдор катары баарынан мурда улуттук-мамлекеттик биримдикти чагылдырган желек, герб жана башкалар эсептелет. Алар жалпы идеал болуп саналат. Башкача айтканда булар – заманбап тотемдер болуп эсептелет. Алар аркылуу элдер бирин-бири таанып, өз иденттүүлүгүнүн чегин аныкташат.

Улуттук иденттүүлүк көптөгөн өлчөмдөргө ээ экендиги белгилүү. Алар: географиялык, тарыхый, салттык, социомаданий, мифологиялык жана символикалык ж.б. тигил же бул калк эмнени каалайт, эмнеге умтулат, ал өзүнүн бул дүйнөдөгү максатын жана милдеттерин эмне деп эсептейт, мунун баары ошол элдин өзүнүн өтмүштөн алган мурасы менен аныкталат. Элдин иденттүүлүгү тарыхый индивидуалдашуу аркылуу калыптанат. Себеби, тарыхый индивидуалдыктын өзү «иденттүүлүк» болуп саналат. Бул жерде Ж. П. Сартрдын: «Мен – менин өтмүшүм» деген сөзүнүн чындык экендигин көрсөтүүгө болот. Албетте, иденттүүлүктү сактоодогу маанилүү факторлордун бири өтмүштү эске тутуу болуп саналат. Себеби, аны менен ар бир адамдын, топтун, коомчулуктун аң сезими азыктанат. Өзүн-өзү жана курчап турган дүйнөнү таанып-билүү – муундан муунга өтүп келе жаткан, кандайдыр бир деңгээлде улуттук тарыхтын жана маданияттын азыгы болуп эсепетелет. Ал, эрежелердин, калктын ар кандай катмарынын позицияларынын жана жалпы эле коомчулуктун көз караштарынын дал келүүсүнүн натыйжасында калыптанат. Ошого жараша коомдун, элдин, улуттун иденттүүлүгү көптөгөн муундар кылымдар бою колдонуп келген тарыхый салт, кулк-мүнөз, символдор менен мыйзамдаштырылат. Жогоруда айтылгандардан жыйынтык чыгара турган болсок, улуттук-мамлекеттердин иденттешүүсү идеология менен тыгыз байланышта экендигин көрөбүз.

Ааламдашуу процесси улуттук-маданий иденттешүү маселесинин актуалдуулугун арттырды. Иденттүүлүк маселеси жеке индивиддердин эле эмес, ар кандай коомчулуктун, этностордун, элдердин, мамлекеттердин көңүл чордонундагы маселеси болуп калды. Бардык мамлекеттерде иденттүлүк кризисин - өз тарыхын унутуу пайда кылат. Бул маңкуртчулук, улуттук символдорду чануу, улуттук идеяларды таануу, баалуулуктардын баркынын кетиши менен шартталат. Иденттүүлүк кризиси «өзүн-өзү тануудан, чануудан» башталат. Албетте, иденттүлүк кризиси идеалга, жана баалуулуктарга болгон ишенимдин жоголушунун натыйжасы болуп саналат.

***Адабияттар***

1. Бергер П., Лукман Т. Социальное конструирование реальности. Трактат по социологии знания. - М., 1995. стр. 323.
2. Бурдьё, Гидденс, Хабермас. Современная социальная теория. -Новосибирск. 1995
3. Бергер П. Приглашение в социологию: гуманистическая перспектива. -М., 1996.
4. Гаджиев К.С. Вопросы философии. 2006
5. Гофман И. Стигма: Заметки об управлении испорченной идентичностью // Русский социологический форум. 2000. № 1-4.
6. Иванова Н. Л. Психологическая структура социальной идентичности (автореф.) Ярославль., 2003
7. Орлова Э. А. Концепции идентичности /Идентификации в социально-научном знании // Вопросы социальной теории. М.,-2010. т.4. – ст. 86-111
8. Эриксон Э. Идентичность: юность и кризис. -М., 1996
9. Культурология. XX век. Энциклопедия. В 2-х т. Спб: Университетская книга, 1998
10. Чупров В.И., Буева Л.П., Личность и ее сознательная деятельность. В сб.; Очерки методологии познания социальных знаний. -М., 1978
11. Этнос. Идентичность. Образование. Труды по социологии образования. Том IV. Выпуск VI. -М., 1998.
12. Calhoun. Op.cit. 1995. P. 203-204.
13. Джерджен К. Социальный конструкционизм: знание и практика: Сб. статей. Мн., 2003.
14. Фромм Э. Иметь или быть. -М., 1990.
15. Якимова Е.В. Социальная психология: проблемы маргинальности. -М., 1995.
16. http://www.soc.pu.ru /materials/golovin/reader/luhmann/r_luhmann1.htm).
17. http://www.fmx.ru/sociologiya_i_obshhestvoznanie/formirovanie_koncepta_identichnosti_v.htm.